# Алма пирогу




Автор: Айгуль Джапарова

Которгон: Сулайман Рысбаев

Сүрөтчү: Аруукe Исакова

# Алма пирогу

Автор: Айгуль Джапарова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Арууке Исакова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Алма пирогу» (кыргыз тилинде), автор Айгуль Джапарова, которгон Сулайман Рысбаев, сүрөтчү Арууке Исакова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Айка апасы жана атасы менен бирге “Аалам дөңгөлөгү” кабинасында отурган.

Кызы коркконун көзүн жумуп алганын улам ата-энеси бирде тамашалап, бирде шылдыңдап күлүп жатышты. Бир кезде окуянын эңжеткен жерине келгенде ата-энелери жанына жок болчу. Кичинекей Айжамал корко баштады, анан катуу кыйкырып жиберди: “Ата, апа! Кайдасыңар?! Мен коркуп жатам!”...

...Айка коңгуроонун үнүн угуп, ойгонуп кетти. Ашкана бөлмөдө чай кайнап калган. Куурулган жумуртканын жыты келди.

– Айка, тур. Мектепке кечигесиң, – деп чоң энеси эркелете чакырды.

Такыр тургусу келбеди. "Апам, атам үйдө жок. Алар Москвада, иштеп жүрүшөт. Андан бери толук алты ай болду" – деп сагынып эстеди. Күзгү күндүн жылуу нурлары, нандын жана куурулган жумуртканын жыты, чайнектин ышкырганы менен чоң эненин эркелете сүйлөгөнү көңүлүн ооруткан ойлордон улам заматта тарап жок болду.




Ал экинчи класста окучу, бирок, эмне үчүндүр, өзүнө жакшы курдаш күтө албады. Башка балдар менен деле ынтымактуу тил табыша албады. Өзүнчө эле жапжалгыз болуп, танаписте терезеге капалуу карап отурду.

Валентина Петровна Айка менен сүйлөшүп, көңүлүн ачкысы келди. Бирок ал сүйлөшкүсү келбейт, сылык гана ыракмат айтып коёт. Көңүлү да ачылбайт, көзүнөн кубанычтын учкуну эч көрүнбөйт.

Арт жагында отурган кыздардын күбүр-шыбыры  угулду:

– Ушунча да текебердик болобу? Биз менен түк сүйлөшкүсү келбейт, бизге деле кереги жок...





Бүгүн этика сабагында балдар өзүнүн үй-бүлөсү тууралуу айтып бериши керек эле.

Биринчи болуп, Нурбек айта баштады. Ал көңүлдөнүп жана сыймыктануу менен өзүнүн чоң энеси жана чоң атасы тууралуу, жайында алар турган жайлоого барып келгени жөнүндө айтып берди. Ал анан өзүнүн комбайнер атасы жана апасынын кандай таттуу боорсок бышырганын айтты.

Айка ошондо апасы бышырып берген алма пирогу тууралуу эстеди эле, анын таттуу даамы оозуна келгендей болду.

Андан соң Тањянын сөзүн угушту. Таня өзүнүн ата-энеси менен сыймыктанарын айтты:

– Алар врачтар, адамдарды дарылайт.

Мугалим Айканын тигилердин сөздөрүн көңүл коюп угуп отурганын байкады.


– Айжамал, сен дагы өзүңдүн үй-бүлөң тууралуу айтып бересиң? – деп сурады Валентина Петровна.


Кыз тактага келди да, айта баштады:

– Мен чоң энем менен бирге турам. Менин атам менен апам Москвада иштешет. Атам – куруучу, ал кооз жана бийик үйлөрдү курат. Апам дүкөндө сатуучу болуп иштейт. Анан, менин апам алма пирогун эң сонун даамдуу кылып бышыра алат...

Ошондо кыз апасы аны мектептен кантип тосуп алганын эстеди. Үй алманын жытына толуп чыкчу. Үйдө жылуулук, бейпилдик жана тынчтык болчу. Баары үйдө болчу!!!

Айка бышактап ыйлап, анан үнүнүн баардыгынча бакырып ыйлай баштады. Класс тыптынч болуп, чымын учса угулгандай болду.






Мугалим кызды кучагына кысып, бекем кучактады:

– Ыйлап ал, Айжамал, бир аз жеңилдеп аласың...

Баарына эми түшүнүктүү болду: “Демек, ал ата-энесин сагынып жүргөн тура, биз аны текебер кыз деп ойлоп, ал тууралуу эч нерсе билбейт экенбиз да” – балдар өзүлөрүн күнөөлүү сезип турушту.

Көз жашы менен аны кыйнаган кусалыгы чыгып кетти. Кээде ушундай да болот: жөн гана бир аз ыйлап алыш керекпи? Башын көтөрүп, ал өзүнө ишеним менен карап турган классташтарын көрдү.



Таня мындай деди:

– Билесиңерби,менин ата-энем дагы тээ алыстагы Африкада иштеп жүрүшөт.

– А меники Петербургда, – деди чаңкылдап Нургуль.

Ушул жерден белгилүү болду, класстагы балдардын жарымынын ата-энелери алыска, иштеп акча тапканы кетишиптир.

Балдар көпкө чейин чуру-чуу түшүп, ата-энелери каерде, ким болуп иштеп жатканын жана эмне белек жиберип жатышканын айтып жатышты. Бир маалда чуру-чуу басылып, баары көңүлдөрү чөгүп отуруп калышты.

Валентина Петровна жылмая балдарды карады да, мындай деди:

– Эмне кылалы, балдар. Биз эми силердин ата-энеңерди баарылап күтөлү. Баарыбыз бирдей күтсөк жеңил болот!

Балдар кайрадан көңүлдөрү ачыла түштү:

– Ооба, анан да кызыктуу! Келгиле, күтүүдө бири-бирибизди колдойлу!



Айка үйүнө шашып чуркап келатты. Батирге да жүгүрүп кирип, чоң энесине келди да, кучактап калды:

– Сен менин көкүрөк күчүгүмсүң! – деп эркелете шыбырады чоң энеси, – Көңүлүңдү чөгөрбө...

– Мен мындан ары ыйлабайм! Биз эми ата-энемди бирге күтөбүз, анан Валентина Петровна дагы. Мен жалгыз эмесмин.

– Ананчы, сен жалгыз эмессиң. Мен дагы силер менен чогуу күтөм, – деп көз жашын аарчып жатып күбүрөндү чоң энеси дагы...

Түнү бою Айке ар түркүн түстүү, көңүлдүү, жылуу, жакшы түштөрдү көрдү. Эртең менен күндүн шооласы анын жүзүн чайыганда уурутунан жылмайып көңүлдүү ойгонду.

– Чоң эне, тур!  Антпесек, мен мектебиме кечигем! – деп, кыз шаңкылдай кыйкырды.



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Айгуль Джапарова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Арууке Исакова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли